"Бекитем"
Т.Молдо атындагы №71 мектеп-интернатынын директору
Абдыкадыров Э.К.
2023-2024 жж.

# Жатакана башчысынын кызматтык инструкциясы

## 1. Жалпы кызмат инструкциясы

1.1. Жатакана башчысы мектеп директору тарабынан ишке дайындалат жана иштен бошотулат;
1.2. Жатакана башчысы жогорку билимдүү, педагогикалык стажга ээ болушу зарыл;
1.3. Жатакана башчысына тарбиячылар баш ийет;
1.4. Жатакана башчысы Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын жетекчиликке алуу менен мектеп-интернатынын Уставынын жана ички эрежелеринин, директордун буйруктарынын, эмгек келишиминин негизинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Жатакана башчысы Балдар укуктарынын Конвенциясын сактайт.

## 2. Функциялары

2.1. Жатакана башчысынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары болуп төмөнкүлөр эсептелет:
- окуучулардын жатаканадагы жашоо шарттарын түзүп беришине жана жакшыртууну жетектейт;
- жатаканада тарбия иштерин уюштуруу, жетектөө жана контролдоо;
- тарбиячылардын ишин методикалык жактан жетектөө жана контролдоо;
- жатаканадагы техникалык коопсуздук эрежелеринин сакталышын камсыз кылуу;

## 3. Милдеттери

3.1. Тарбиячылар тарабынан тарбиялык иштердин аткарылышын координациялайт;
3.2. Жатакананын күнүмдүк режиминин, ички эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөйт;
3.3. Окуучулардын эс алуусун жана коомдук-пайдалуу эмгек менен алектенүүсүн камсыз кылат;

## 4. Укуктары

4.1. Сабактан кийинки учурда, окуучуларга уруксаат берүүгө укуктуу;
4.2. Тарбиячыларга тапшырмаларды берүүгө укуктуу;
4.3. Тарбиячылардын документтерин текшерүүгө укуктуу;
4.4. Жатакананын ички эрежелерин бузган окуучуларга тартип жобого ылайык дисциплинардык жаза берүүгө укуктуу;

## 5. Жоопкерчилиги

5.1. Жатаканада жаткан окуучулардын ден соолугуна жооптуу;
5.2. Өрт коопсуздугунун, техникалык коопсуздуктун, санитардык – гигиеналык эрежелердин бузулган учурда жатакана башчысы административдик жоопко тартылат;
5.3. Жатакананын жалпы абалына жана санитардык абалына жооптуу
5.4. Жатакананын материалдык баалуулуктарынын сакталышына жооптуу;
5.5. Жатакана боюнча документтердин, маалыматтардын жүргүзүлүшүнө жооптуу;

**Инструкция менен тааныштым:** Ниязалиева Каухар